**Административдик соттор тарабынан иштердин процессуалдык мыйзамдарда белгиленген мөөнөттөрдөн ашык каралышынын себептерин талдоо**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2024-жылдын II жарым жылдыгына карата Иш планына ылайык, соттук тажрыйбаны жалпылоо, соттук статистиканы талдоо жана Пленумдун ишин камсыз кылуу Бөлүмү административдик соттор тарабынан иштердин процессуалдык мыйзамдарда белгиленген мөөнөттөрдөн ашык каралышынын себептерин изилдеди.

Жарандардын жана юридикалык жактардын соттук коргоого болгон конституциялык укугу алардын ар бирине бузулган укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко тоскоолдуксуз кайрылуу мүмкүнчүлүгүн берүү аркылуу ишке ашырылат.

Мында сотко болгон мамиле соттук чечимдердин мыйзамдуулугунан гана эмес, сот өндүрүшүнүн канчалык жакшы уюштурулганынан жана сот адилеттигинин өз убагында жүзөгө ашырылганынан да көз каранды.

Бул талдоонун предмети – 2022-2023-жылдары административдик соттор тарабынан процессуалдык мыйзамдарда белгиленген мөөнөттөрдү бузуу менен каралган административдик иштер.

Талдоонун максаты – административдик иштерди кароодо белгиленген мөөнөттөрдүн бузулушуна алып келген себептерди аныктоо, соттор тарабынан иштердин өз убагында каралышын көзөмөлдөө, создугуп кетүү коркунучун алдын алуу, соттук тажрыйбада пайда болгон көйгөйлөрдү аныктап, аларды жоюу боюнча чараларды кабыл алуу жана сотторго зарыл болгон сунуштарды жана түшүндүрмөлөрдү берүү.

**I.** Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин (КР АПК ) 4-беренесине ылайык административдик сот өндүрүшүнүн милдети болуп административдик иштерди адилеттүү, калыс жана өз убагында кароо жолу менен жеке адамдардын укуктарын, эркиндиктерин жана кызыкчылыктарын жана юридикалык жактардын административдик-укуктук (жалпы-укуктук) мамилелер чөйрөсүндөгү укуктарын жана кызыкчылыктарын административдик органдар жана алардын кызмат адамдары тарабынан бузулуусунан коргоо саналат.

Бул нормага ылайык, иштер соттордо негизсиз кечиктирилбестен, сот өндүрүшүнүн эрежелерине ылайык так каралышы керек. Бул эрежелердин маанилүү бөлүгү – иштердин кароо мөөнөттөрүнүн так сакталышы.

Ишти кароо мөөнөттөрүнүн белгилениши – иштин өз убагында каралышынын процессуалдык кепилдиктеринин бири болуп саналат.

Ишти кароо мөөнөтү – бул ишти кароого дайындоо жөнүндө аныктама чыгарылган күндөн кийинки күндөн тартып, иш боюнча чечим кабыл алынганга же өндүрүштү токтотуу же административдик доону кароосуз калтыруу жөнүндө аныктама чыгарылганга чейинки мезгил.

Белгилей кетүүчү жагдай, 2023-жылы административдик соттор тарабынан каралган иштердин саны 2022-жылга салыштырмалуу өскөн, муну менен катар мөөнөттөрдүн бузулушу менен каралган иштердин саны да өскөн.

Статистикалык маалыматтарга ылайык, 2022-жылдын 12 айында республика боюнча административдик соттор тарабынан жалпы 1962 иш каралган, алардын ичинен 430 иш (21.92%) процессуалдык мөөнөттөрдүн бузулушу менен каралган.

2023-жылдын 12 айында облустук жана Бишкек шаарынын административдик соттору тарабынан жалпы 4590 иш каралган, алардын ичинен 1035 иш (22.55%) белгиленген мөөнөттөрдөн кеч кароо менен бүткөрүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун соттук тажрыйбаны жалпылоо, соттук статистиканы талдоо жана Пленумунун ишин камсыз кылуу Бөлүмү тарабынан иш

планын аткаруу максатында облустук жана Бишкек шаарынын административдик сотторуна аталган иштер боюнча маалымат берүү жөнүндө сурамжылоолор жөнөтүлгөн.

Бул талдоо жергиликтүү соттордон алынган маалыматтарды изилдөөнүн негизинде даярдалган.

Статистикалык маалыматтар көрсөткөндөй, 2022-жылы Баткен облусунун административдик сотунда КР АПК де белгиленген мөөнөттөрдүн бузулушу менен каралган иштер болгон эмес, ал эми 2023-жылы мындай иш Нарын облусунун административдик сотунда катталган эмес.

Процессуалдык мөөнөттөрдүн бузулушу менен каралган иштердин эң көп саны Чүй облусунун, Ош облусунун, Жалал-Абад облусунун жана Бишкек шаарынын административдик сотторунда байкалган.

| п/№ | соттун аталышы | бүткөн иштин саны | | мөөнөттү бузуу менен каралган иштин саны | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **2022-жыл** | **2023- жыл** | **2022 -жыл** | **2023-жыл** |
| 1 | Бишкек шаарынын административдик соту | 615 | 1442 | 88 | 111 |
| 2 | Чуй облусунун административдик соту | 286 | 886 | 113 | 324 |
| 3 | Ысык-Көл облусунун административдик соту | 130 | 349 | 54 | 54 |
| 4 | Нарын облусунун административдик соту | 100 | 107 | 31 | 0 |
| 5 | Ош облусунун административдик соту | 251 | 791 | 100 | 333 |
| 6 | Жалал-Абад облусунун административдик соту | 381 | 634 | 40 | 179 |
| 7 | Талас облусунун административдик соту | 75 | 124 | 4 | 7 |
| 8 | Баткен облусунун административдик соту | 124 | 267 | 0 | 15 |
| | **жалпы саны** | **1962** | **4590** | **430** | **1035** |

Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 112-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, доону өндүрүшкө кабыл алуу маселесин судья доо соттун өндүрүшүнө келип түшкөн же аны кыймылсыз калтырган учурда доонун кемчиликтерин четтетүү үчүн белгиленген мөөнөт аяктаган күндөн тартып беш күндүн ичинде кабыл алат.

Жергиликтүү соттордон алынган маалыматтар көрсөткөндөй, административдик доону өндүрүшкө кабыл алуу стадиясында мөөнөттөрдүн бузулушу аныкталган эмес.

Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 121-беренесине ылайык, доону кабыл алгандан кийин судья ишти өз убагында жана туура чечүүнү камсыз кылуу максатында ишти соттук териштирүүгө карата даярдоо иштерин жүргүзөт. Бул тууралуу соттук териштирүүгө даярдык көрүү жөнүндө аныктама чыгарып, аткарылууга тийиш болгон аракеттерди көрсөтөт.

Ишти соттук териштирүүгө даярдоо мөөнөтү доо өндүрүшкө кабыл алынган күндөн тартып бир айдан ашпоого тийиш.

Административдик иш даярдоо өндүрүшү аяктаганы жана ишти соттук териштирүүгө дайындоо тууралуу аныктама кабыл алынган күндөн тартып эки айга чейинки мөөнөттө каралат жана чечилет (КР АПКнин 129-берененин 1-бөлүгү).

**II.** Административдик иштерди кароонун мөөнөттөрүнүн бузулушунун себептеринин бири – иштерди соттук териштирүүгө жетиштүү деңгээлде даярдабоо.

Ишти соттук териштирүүгө тийиштүү деңгээлде даярдоо – аны өз убагында жана туура чечүүнүн негизги шарттарынын бири экенин эске алуу керек.

Соттук териштирүүгө даярдоо административдик процесстин милдеттүү баскычы болуп саналаары мыйзамда түздөн-түз көрсөтүлгөнүнө карабастан (КР АПКнин 121-беренесинин 6-бөлүгү), соттук тажрыйбада иштерди соттук териштирүүгө даярдоо ар дайым өткөрүлбөй же формалдуу түрдө, бардык зарыл процессуалдык аракеттер толук көлөмдө аткарылбай жүргүзүлүп жатканы байкалат. Бул өз кезегинде, далилдерди талап кылуу, күбөлөрдү жана адистерди чакыруу, үчүнчү жактарды тартуу жана башка процессуалдык иш-аракеттерди жүргүзүү үчүн соттук териштирүүнү бир нече жолу кийинкиге калтырууга алып келет. Мындай иш-аракеттер судья тарабынан ишти соттук териштирүүгө даярдоо стадиясында жүргүзүлүшү керек болчу.

Соттук отурумдарды көп жолу кийинкиге калтыруунун натыйжасында судьялар иштерди соттук териштирүүгө даярдоо үчүн мыйзамда каралган бир айлык мөөнөттү ар дайым сактай беришпейт.

**Мисалдар:**

1. «АКК» ЖЧКнун Ысык-Ата районунун Иванов айылдык аймагынын Компанияга 5-ноябрь 2021-жылдагы №7014 ТР Лицензиясынын негизинде геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүүгө жазуу түрүндө макулдук бербеген аракетсиздигин жараксыз деп табуу жана айыл өкмөтүн бул макулдукту берүүгө милдеттендирүү талабы коюлган №АД-542/22МЧс1 иши.

Иш өндүрүшкө 07.07.2022 –ж. кабыл алынып, алдын ала соттук 04.08.2022-ж. дайындалган. Соттук териштирүүгө өтүү датасы - 07.09.2022-ж.

07.09.2022-ж. соттун аныктамасы менен ГУ «Кадастр» жана Кыргыз Республикасынын Табигый ресурстар, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги үчүнчү жак катары тартылгандыгына байланыштуу иш 18.10.2022-ж. калтырылган; андан кийин иш Иванов айылдык аймагынын айылдык кеңеши дагы үчүнчү тарап катары ишке тартылгандыгына байланыштуу 15.11.2022-ж**.** калтырылган.

15.11.2022-ж. чечим менен административдик доо канааттандырылган.

Ошентип, бул иш сотто 4 айдан ашык убакыт каралган. Иш соттук териштирүү стадиясында 2 жолу кийинкиге калтырылган, себеби үчүнчү жактарды ишке тартуу боюнча аракеттер соттук териштирүүгө даярдоо этабында аткарылган эмес. Бул иштерди соттук териштирүүгө даярдоо талапка ылайык жүргүзүлбөгөнүн далилдейт.

2. №АД-47/22МИ иши сот өндүрүшүнө 14.12.2021-ж. кабыл алынган, алдын ала соттук отурум 19.01.2022-ж. дайындалып, ошол эле күнү аяктаган.

Иш соттук териштирүүгө дайындалгандан кийин соттук отурум үчүнчү жактарды ишке тартуу зарылчылыгы болгондугуна байланыштуу 2 жолу башка күнгө калтырылган.

Иш 30.03.2022 каралып, чечим чыгарылган.

Ушундай каралган иштер: №АД-579/23абс3 – 5 ай каралган, 2 жолу үчүнчү жактарды тартууга байланыштуу, 3 жолу тараптар келбегендиктен (тараптар тийиштүү түрдө кабарландырылган) кийинкиге калтырылган; №АД-174/22абс3 – 6 ай 15 күн; №АД-37/22абс8 – 10 ай; №АД-389/22абс5 – 9 айдан ашык.

3. №АД-225/22мчс1 иши Т.Т.Ж. тарабынан Ак-Бешим айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 29.11.2021-жылдагы №10-т буйругун жараксыз деп табуу боюнча берилген доо арызы. Иш сот өндүрүшүнө 04.02.2022-ж. кабыл алынган. Алдын ала соттук отурум 10.03.2022-ж. дайындалган. Соттук териштирүү 14.04.2022-ж. дайындалган. Иш 6 жолу кийинкиге калтырылган.: 2 жолу үчүнчү жактарды тартууга байланыштуу; 3 жолу жоопкер тараптын өкүлү келбегендиктен; 2 жолу кошумча документтерди талап кылуу зарылдыгына байланыштуу.

Иш 23.11.2022-ж. каралып, чечим чыгарылган. Жалпысынан сот өндүрүшүндө 9 айдан ашык убакыт болгон.

Ушундай каралган иштер: №АД-300/22мчс1 – 8 ай; №АД-378/22мчс1 – 7 ай;
№АД-193/22мчс1 – 11 ай.

**III.** Иштерди кароо мөөнөтүнүн бузулушунун негизги себептеринин бири – соттук жыйналышты кийиникге калтырганда ишти кароо мөөнөтү бузула тургна мөөнөткө

дайындалышы.Көп учурда соттук жыйналыштар 1 ай же андан көп убакытка бир нече жолу кийинкиге калтырылат.

Ошондуктан, биринчи соттук жыйналыштын күнүн туура аныктоо өтө маанилүү. Ал процессуалдык мөөнөт аяктаган акыркы күндөргө белгиленбеши керек, себеби, соттон көз карандысыз себептерден улам соттук жыйналышты кийинкиг калтыруу зарылчылыгы чыгып калышы мүмкүн. Эгерде белгиленген убакыттык резерв болсо, анда иш сот тарабынан өз мөөнөтүндө каралып бүтүшүшүн камсыз кыла алат.

**Мисалдар:**

1.№АД-141/33абс8 иши ОсОО "Алтын" тарабынан КР Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик салык кызматына жана Бишкек шаары менен Чүй облусу боюнча Ири салык төлөөчүлөрдү көзөмөлдөө башкармалыгына карата чечимдерди жараксыз деп табуу жөнүндө административдик доо.

Административдик доо 17.07.2021-ж. сот өндүрүшүнө кабыл алынган, соттук отурум 20.08.2021-ж. дайындалган. Чечим 30.03.2022-ж. чыгарылып, иш 8 ай 13 күн каралган.

Соттук териштирүүдө иш 5 жолу кийинкиге калтырылган:текшерген инспекторду угуунун зарылдыгынан улам; каршы пикир менен таанышуу үчүн убакыт берүү максатында, кошумча документтер тактaлуусуна байланыштуу, 2 жолу — тийиштүү түрдө кабарландырылган тараптардын келбей калышынан улам.

2. №АД-26/22МИ иши Тон районунун прокуратурасы тарабынан ГУ "Кадастрга" каршы берилген административдик доо. Иш 14.06.2021-. сот өндүрүшүнө кабыл алынган, алдын ала соттук отурум 15.07.2021 –ж. дайындалган. 15.07.2021-ж. соттук аныктама менен алдын ала соттук жыйналыш 29.07.2021-ж. калтырылган.

- Натыйжада, алдын ала соттук отурум 1,5 айга созулган.

**IV.** Соттук териштирүүнүн мөөнөтүнүн бузулушунун дагы бир себеби – иштин катышуучу тараптарынын жоопкерсиз мамилеси, б.а. соттук жыйналышка эч кандай себепсиз келбей, сотту бул тууралуу кабардар кылбоо, ошондой эле, ар кандай негиздер менен (командировкага кетүү, үй-бүлөлүк себептер, иш материалдары менен таанышуу, элдешүү мүмкүнчүлүгүн кароо ж.б.) отурумду кийинкиге калтыруу боюнча өтүнүчтөрдү келтирүү.

Кээде ишти кароону жетиштүү негизсиз кийинкиге калтыруу фактылары кездешет, мисалы, тараптардын соттук жыйналышты кийинкиге калтыруу жөнүндө негизсиз өтүнүчтөрүн канааттандырып, бир эле себептер менен бир нече жолу соттук жыйынды кийинкиге калтыруу, же тараптар тийиштүү түрдө кабарландырылганына карабастан, алардын келбей коюшуна байланыштуу соттук териштирүүнү кийинкиге калтыруу.

Мисалдар:

1. №АД-2/22МИ иши Каракол шаарынын прокуратурасы тарабынан ГУ «Кадастр» жана Каракол шаарынын мэриясына карата административдик доосу.

Административдик доо сот өндүрүшүнө 02.03.2021-ж. кабыл алынган. 29.03.2021-ж. иш боюнча даярдоо процесси аякталып, иш соттук териштирүүгө дайындалган, анын жүрүшүндө бир нече жолу кийинкиге калтырылган: 4 жолу – далилдерди талап кылууга байланыштуу; 8 жолу – тараптардын келбей калышынан улам; 4 жолу – тараптардын өтүнүчү боюнча.

- 21.09.2022-ж. соттук аныктама менен доо кароосуз калтырылган.

Аналогиялык учурлар:

№АД-67/22МИ иши – тараптар келбей калгандыктан 6 жолу кийинкиге калтырылган. Иш сот өндүрүшүндө 6 ай болгон.

№АД-113/22МИ иши – А.Ж. тарабынан Тон айыл өкмөтүнө жана ГУ «Кадастрга» каршы берилген доо. Иш 11.04.2022 –ж. сот өндүрүшүнө кабыл алынган. 29.11.2022-ж. сот аныктамасы менен административдик доо кароосуз калтырылган (7,5 ай).

Соттук териштирүүдө иш бир нече жолу кийинкиге калтырылган, анын ичинде доогердин өтүнүчү менен 5 жолу.

2. №АД-113/22МБА иши С.И. тарабынан ГУ “Кадастрга” каршы берилген административдик доо.

Иш 29.04.2022-ж. өндүрүшкө кабыл алынып, 28.02.2023-ж. сот ишин токтотуу менен каралган (10 ай). Соттук териштирүү учурунда жоопкердин өкүлү келбегенине байланыштуу иш 6 жолу кийинкиге калтырылган.

3. Иш №АД-77/22-МО, Ж.Ж.М. тарабынан Көк-Жар айыл өкмөтүнө, ГУ “Кадастр”га карата административдик доосу боюнча. Өндүрүшкө кабыл алынган датасы – 26.04.2021-ж. 25.10.2022-ж. каралып, административдик доо арызды канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө чечим чыгарылган– (1 жыл 6 ай).

Иш 18 жолу кийинкиге калтырылган: 11 жолу бардык учурларда тараптар талапка ылайык кабарландырылгандыгына карабастан, тараптардын келбегенине байланыштуу; 3 жолу соттун кызматтык иш сапарына байланыштуу.

4. Иш №АД-93/22АДМ, Токтогул райондук прокуратурасы тарабынан Кетмен-Төбө айыл өкмөтүнө, Токтогул филиалы ГУ “Кадастр”га жана үчүнчү жак Ш.Н., карата 28.03.1991-жылдагы №14 токтомдун көчүрмөсүн жана Ч№791484 сериясындагы мамлекеттик актыны жараксыз деп табуу жөнүндө административдик доо.

Келип түшкөн датасы-05.11.2021-ж., өндүрүшкө алынган датасы – 10.11.2021-ж.

Алдын ала сот отуруму – 25.11.2021-ж. дайындалган.

Кийинкиге калтыруулар: 09.12.2022-ж. – тараптарды кайра чакыруу үчүн; 28.12.2021-ж.– үчүнчү жактын өкүлүнүн оозеки өтүнүчү боюнча; 21.01.2022-ж. – процессуалдык мөөнөттү калыбына келтирүү жана тараптарды кайра чакыруу; 01.02.2022-ж. – үчүнчү жактын өкүлүнүн оозеки өтүнүчү боюнча, мөөнөттү калыбына келтирүү чечимине даттануу үчүн; 08.02.2022-ж.– тараптарды кайра чакыруу.

07.02.2022-ж. – 25.04.2022-ж. чейин иш апелляциялык инстанцияда болгон.

20.05.2022-ж. аныктама менен сот отуруму 15.06.2022-ж. дайындалган.

Кийинкиге калтыруулар: 05.07.2022-ж. – тараптарды кайрадан чакыруу үчүн; 10.08.2022-ж.– иштин түп нуска материалдарын берүү жана тараптарды чакыруу үчүн; 30.08.2022-ж., 28.09.2022-ж., 21.10.2022 –ж.– тараптарды кайрадан чакыруу үчүн.

04.10.2022-жылдагы аныктамага ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби тарабынан Ош шаарында уюштурулган семинарга судьянын катышуусуна байланыштуу, ишти кароо 25.10.2022-ж.а кайра дайындалган.

Андан соң, ишти кароо 11.11.2022-ж. жана 30.11.2022-ж. тараптарды кайрадан чакыруу үчүн жылдырылган.

30.11.2022-жылы иш боюнча өндүрүш токтотулган.

Сот өндүрүшүндө иш 1 жыл болгон, 13 жолу кийинкиге калтырылган, анын ичинде 9 жолу тараптарды кайра чакыруу үчүн.

5. Иш №АД-388/22абс8, Бишкек шаарынын мэриясынын ДУМИ тарабынан Бишкек шаарынын мэриясына, үчүнчү жактар – Ленин районунун прокуратурасы, МП “Бишкекглавархитектура”, ГУ “Кадастр”га карата доо.

Сотко 21.02.2022 –ж. келип түшкөн, каралып бүткөн датасы – 26.12.2022-ж.

Иш 11 жолу кийинкиге калтырылган, анын ичинен 7 жолу тараптардын келбегенине байланыштуу. Бардык учурларда тараптар кабарландырылган.

**V.** Айрым категориядагы иштер үчүн кароонун кыскартылган мөөнөттөрү белгиленген. Алар: шайлоо укуктарын коргоо боюнча иштер, Судьялар кеңешинин чечимдерин даттануу боюнча иштер, сот аткаруучунун токтомдорун жана аракеттерин (аракетсиздигин) даттануу боюнча арыздар.

Кыргыз Республикасынын Административдик –процесстик кодексинин 202-беренесине ылайык, шайлоо процессине катышуучулардын шайлоо укуктарын бузган чечимдерди жана (же) аракеттерди (аракетсиздикти) даттануу боюнча шайлоону даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыз сот тарабынан ал берилген күндөн тартып - үч күндүк мөөнөттө, бирок добуш берүү күнүнөн мурдагы күндөн кечиктирбестен, ал эми

добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнөн кийинки күнү келип түшкөн арыз дароо каралууга тийиш. Эгерде арызда камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылса, алар боюнча чечимдер беш күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен, бирок добуш берүү күнүнөн мурдагы күндөн кечиктирбестен кабыл алынат.

КР АПКнин 204-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, Судьялар кеңешинин чечимин даттануу боюнча арыз (даттануу) келип түшкөн күндөн тартып 3 күндүк мөөнөттө каралууга тийиш. Эгерде арызда (даттанууда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылса, ал боюнча чечим 5 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен кабыл алынат.

Сот аткаруучунун токтомун жана аракетин (аракетсиздигин) даттануу боюнча арыз сотко түшкөн күндөн тартып он күндүн ичинде каралууга тийиш (КР АПКнын 211-4-бер. 1-б.).

Иш №АД-814/23абс5 КР ЖКК алдындагы “Өзгөчө байланыш кызматы” Мамлекеттик ишканасы тарабынан Свердлов райондук ПССИ сот аткаруучусунун 2023-жылдын 7-июлундагы сунушун чыгаруу боюнча аракетин мыйзамсыз деп табуу жана аталган сунушту жараксыз деп таануу жөнүндө доо.

Иш сотко 03.08.2023-ж. келип түшкөн, 15.09.2023-ж. дайындалып, кошумча далилдерди талап кылууга байланыштуу 04.10.2023-ж. калтырылган; 04.10.2023-ж. соттун окуу командировкасына чыгышына байланыштуу 25.10.2023-ж. калтырылган; 25.10.2023-жылы сот аткаруучунун келбегенине байланыштуу калтырылган.

Соттун төрагасынын буйругу менен иш башка судьяга өткөрүлүп, ал 25.10.2023-ж. өндүрүшкө алып, 14.11.2023-ж. дайындаган.

17.11.2023-жылы судьянын Сот адилеттигинин иштери боюнча кеңештин жыйынына катышуусуна байланыштуу жылдырылган; 23.11.2023-ж. соттук процесстердин дал келишине байланыштуу 29.11.2023-ж. дайындалган.

Иш 29.11.2023-жылы каралган.

Ошентип, бул иш сот өндүрүшүндө 3 ай 26 күн болгон, бул процессуалдык мыйзамда белгиленген 10 күндүк мөөнөттөн ашып кеткен.

**VI.** Анализ көрсөткөндөй, иштерди кароо мөөнөттөрүнүн бузулушу ар кандай себептерден улам бир нече жолу кийинкиге калтыруудан келип чыгат, ошонун ичинде тараптардын өтүнүчтөрү боюнча, тараптардын сотко келбегендиги жана келбөө себептери жөнүндө сотту кабардар кылбагандыгы, каралып жаткан иш боюнча кошумча материалдарды талап кылуу зарылдыгы, ишке катышууга үчүнчү жактарды тартуу.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодекси жана Жарандык процесстик кодекси иштерди кароо мөөнөттөрүн кайра дайындоого уруксат берген нормаларды карабаганына карабастан, сот практикасында иштерди кароо даталары ар кандай себептер менен башка күнгө дайындалат: судьянын ооруп калышына байланыштуу, судьянын эмгек өргүүсүнө чыгышына байланыштуу; судьянын жыйындарга, семинарларга, жумушчу группаларда катышуусу ж.б.

***Мисалдар:***

Иш №АД-51/22абс5: М.Н.А. тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттигинин алдындагы "Кадастр" мамлекеттик мекемесине каршы 15.06.2020-ж. №Б-265 чечимин жараксыз деп таануу жөнүндө доосу боюнча.

Доо 14.06.2021-ж. келип түшкөн, өндүрүшкө 21.06.2021-ж. (7 күндөн кийин) кабыл алынган. 09.08.2021-ж. алдын ала сот отуруму дайындалган. Доогердин өтүнүчү боюнча, тынчтык жолу менен чечүү үчүн убакыт керектелгендиктен. 07.09.2021-ж. калтырылган; У.Б.ны үчүнчү тарап катары ишке тартууга байланыштуу 28.09.2021-ж. калтырылган; судьянын жыйында болушуна байланыштуу -27.10.2021-ж.; сот отурумунун узактыгына байланыштуу- 22.11.2021-ж.; башка сот жыйыны менен дал келишине байланыштуу 14.12.2021-ж. калтырылган.

Чечим чыгарылган датасы: 24.01.2022-ж. Жалпы кароо мөөнөтү 7 ай 3 күн.

2. Иш №АД-133/22-МО: А.Р.Ж. тарабынан Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнө жана "Кадастр" мамлекеттик мекемесине каршы административдик доо боюнча.

Өндүрүшкө кабыл алынган датасы: 08.06.2021-ж., кароосуз калтырылган датасы: 13.04.2022-ж. Жалпы мөөнөт: 10 ай.

Иш кароо учурунда 12 жолу кийинкиге калтырылган, анын ичинде судьянын командировкага чыгышына байланыштуу – 4 жолу, талаптагыдай кабардар болгон тараптардын келбегендигине байланыштуу – 2 жолу.

Ошондой эле, башка иш боючна сот жыйналыштарынын дал келишине, белгилүү бир процесске бөлүнгөн убакыттын бүтүшүнө, иш убактысынын аякташына байланыштуу иштерди кароо даталарынын башка күнгө даындоо учурлары кездешет, бул судьялардын өз ишин начар уюштургандыгын көрсөтөт.

Мындай практика Бишкек шаарынын административдик сотунда кездешет.

**Жыйынтыктар:**

Сотто каралып жаткан талаш-тартыштарды ыкчам жана сапаттуу чечүүнүн шарттарынын бири – бул ишти соттук кароого тиешелүү деңгээлде, толук жана ар тараптуу даярдоо болуп саналат.

Ар бир административдик иш боюнча соттук кароого даярдык милдеттүү болуп саналаарын соттор эске алуусу керек. Бул даярдык, Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 123-беренесинде каралган процессуалдык аракеттерди судья тарабынан аткарууну камтыйт.

Ошондой эле процессуалдык мөөнөттөрдүн бузулушуна процесс катышуучуларынын сотко келбеши таасир этет.

Тараптар соттук кароого келүүгө милдеттүү.

Тараптар келбей калган учурда, КР АПКнин 141-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, сотко келбегенинин себептерин билдирүүгө жана бул себептердин негиздүүлүгүн далилдөөчү материалдарды берүүгө милдеттүү.

Сот отурумунун убактысы жана орду жөнүндө кабардар болгон өкүлдүн келбей калышы ишти кароого тоскоолдук кылбайт (КР АПК 141-бер. 6-б.).

Соттук жыйналышка катышуусу милдеттүү деп сот тарабынан аныкталган тарап келбеген учурда сот КР АПКнин 128-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык чараларды көрүүгө укуктуу.

Процесстин катышуучуларынын, алардын өкүлдөрүнүн сотко келбей калышы көпчүлүк учурда алардын мыйзам тарабынан жүктөлгөн милдеттерди талаптагыдай аткарууда жоопкерчиликсиз мамилесине байланыштуу болот.

Судьялардын сотко болгон урматсыз мамилеге өз учурунда чара көрүшү иштерди натыйжалуу кароого өбөлгө түзөт. Бирок, 2023-жылга чейин мындай учурларга соттук практикада өтө сейрек көңүл бурулуп келген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 28-февралында чыккан №5 токтомунун 8-пунктуна ылайык, соттук процесс катышуучулары жана башка адамдар процессуалдык милдеттерин аткарбаса, соттук процессти талаптагыдай жүргүзүү үчүн аларга карата процессуалдык мажбурлоо чаралары колдонулушу мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 93-беренесине ылайык, сот төмөнкү мажбурлоо чараларын колдонушу мүмкүн: эскертүү; жыйындар залынан чыгарып жиберүү; соттук айып; сотко мажбурлап алып келүү. Процесстик мажбурлоо чараларын колдонуу сот тарабынан каралып жаткан иштин алкагында жүзөгө ашырылат.

Сотто белгиленген эрежелердин бузулушу – бул КР АПКде каралган процессуалдык милдеттерди аткарбоо жана (же) КР АПКнин жоболоруна ылайык сот тарабынан тарапка жүктөлгөн милдеттерди аткарбоо, мисалы процесстик укуктарды

адилеттүү пайдалануу, сот отурумуна келүү, далилдерди берүү экендигин соттор эске алуусу керек.

Соттук иштерди кароодо көп учурда тараптар соттун талаптарын аткарбагандыктан, иштер бир нече жолу кийинкиге калтырылат.

Көп учурда ишти кароо судьянын эмгек өргүүсүнө, ооруп калганына же семинарларга катышуусуна байланыштуу бир нече жолу кийинкиге калтырылат. Бул иштерди кароо мөөнөттөрүнүн бузулушуна алып келет жана соттордун төрагаларынын жана судьялардын өз ишин начар уюштургандыгын көрсөтөт.

Иштерди өз мөөнөтүндө кароо соттун милдети.

Мөөнөттөрдүн бузулушу иштердин создугушуна, кызыкдар тараптардын укуктары менен кызыкчылыктарынын өз убагында корголбой калышына, сот өндүрүшүнүн маанисинин төмөндөшүнө жана соттун аброюна шек келтирет.

Соттук процесстерде тыныгуу жана жылдыруу сандары процессуалдык мыйзамдарда чектелбесе да, соттор административдик ишти кароодо жана чечүүдө белгиленген мөөнөттөрдүн чегинен чыкпашы керек.

---

**Административдик иштерди кароодо процессуалдык мөөнөттөрдү сактоо максатында сотторго төмөнкү чараларды көрүү сунушталат:**

1. Ишти сапаттуу жана өз убагында кароону камсыздоо үчүн даярдык чараларын күчөтүү.
2. Процесске катышуучулардын сотко максималдуу катышуусун камсыздоо үчүн мыйзамда каралган чараларды көрүү. Катышуучуларды соттук жыйындын датасы, убактысы жана орду жөнүндө өз убагында кабардар кылуу.
3. Катышуучулардын келбей калышы же соттун талабы боюнча материалдарды бербөө фактыларына процессуалдык мыйзамдарга ылайык тиешелүү чараларды көрүү.
4. Соттук жыйналыштарды узак мөөнөткө жана негизсиз кийинкиге калтырууну жокко чыгаруу.
5. Мурда кийинкиге калтырылган иштер боюнча, эгерде тараптар талаптагыдай кабарландырылган болсо, алардын келбей калгандыгына байланыштуу иштерди негизсиз кайрадан кийинкиге калтырууга жол бербөө.
6. Жогорку инстанциядан, экспертизадан кайтарылып келген иштер жана иш бир судьядан башка судьяга берилген учурда иш кайра өндүрүшкө кабыл алууга жатпасына көңүл бурулсун.
7. Соттордун төрагалары иштерди өз мөөнөтүндө кароого дайындоо, кийикиге калтыруу жана кароо жагын катуу көзөмөлгө алуусу керек.
8. Апелляциялык жана кассациялык инстанцияларда иштердин кароо мөөнөтү иштин акыркы чечилишинин ылдамдыгына олуттуу таасирин тийгизерин эске алуу менен, биринчи инстанциядагы сотторго түшкөн даттануулар менен иштерди жөнөтүүдө процессуалдык мөөнөттөрдүн сакталышын камсыз кылуу талап кылынат.
   (КР АПК 218, 253-беренелери).
9. Соттук процесстин ар бир этабы үчүн КР АПКнин 121-бер. 5-б. жана 129-бер. 1-б. менен белгиленген мөөнөттөр бузулбашы керектигине соттор көңүл буруусу зарыл.

**Соттук тажрыйбаны жалпылоо,**
**соттук статистистиканы анализдөө жана**
**Пленумдун ишин камсыз кылуу бөлүмү**